ИНСТИТУТ МЕДИА ПОЛИСИ

**Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,**
**Панфилов көчөсү, 124-үй**
**Тел.: +996 (312) 961 960**
**Эл. дареги: mpi@media.kg,**
**URL: http://www.media.kg**



**2023-жылдын "17"-апрелиндеги**
**чыг. №31**

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**Коомчулук жана ЖМК**
**менен иштөө бөлүмү**

# "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (*Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине жана "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө", "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына*) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзам долбооруна СЫН ПИКИРЛЕР ЖАНА СУНУШТАР

*("Медиа Полиси Институту" Коомдук фонду даярдады)*

2023-жылдын 17-мартында КР Ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун Бирдиктүү порталында "**Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына** ***(Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине жана "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө", "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына*) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**" КР мыйзам долбоору жайгаштырылган**.** Документтердин топтому төмөнкү дарек боюнча орун алган: http://www.kenesh.kg/ky/article/show/10431/na-obshtestvennoe-obsuzhdenie-s-17-marta-2023-goda-vinositsya-proekt-zakona-o-vnesenii-izmeneniy-v-nekotorie-zakonodatelynie-akti-kirgizskoy-respubliki-v-kodeks-kirgizskoy-respubliki-o-pravonarusheniyah-i-zakoni-kirgizskoy-respubliki-o-merah-po-preduprezhdeniyu-prichineniya-vreda-zdorovyyu-detey-ih-fizicheskomu-intellektualynomu-psihicheskomu-duhovnomu-i-nravstvennomu-razvitiyu-v-kirgizskoy-respublike-o-sredstvah-massovoy-informatsii. Бул өзгөртүүлөрдүн демилгечиси – Жогорку Кеңештин депутаты Исаева Д.

## ***Кыскача резюме***

Бул мыйзам долбоору төмөнкүлөрдү сунуштап жатат:

1. Учурда колдонуудагы "**Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө**" КР мыйзамын эки жаңы берене менен толуктап, башка беренелерге жарым-жартылай өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоодо.

Жаңы "**2-1**"-беренеси "***балдардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян тийгизүүчү маалыматтын түрлөрүн***" белгилейт. Берененин биринчи бөлүгүндө балдардын арасында таратууга тыюу салынган маалыматтардын тизмеси берилет. Экинчи бөлүгүндө – чектелиши керек болгон маалыматтардын тизмесин түзүүгө аракет жасалат.

Экинчи жаңы “3-1”-берене – “**Маалымат-телекоммуникациялык тармактар (анын ичинде Интернет) аркылуу *маалымат таратууга жана балдарга чектөө коюлган маалымат продукциясын жүгүртүүгө кошумча талаптарды***” белгилейт. Березенин биринчи бөлүгүндө “жамааттык жетүү пункттарында телематикалык байланыш кызматын көрсөтүүчү байланыш операторлоруна” *талаптар* коюлат, алар “маалыматтык-телекоммуникациялык тармактар (анын ичинде Интернет) аркылуу таратылуучу маалыматтарга жетүү мүмкүндүгүн” *“техникалык, программалык-аппараттык каражаттарды балдарды зыяндуу маалыматтан коргоо үчүн колдонгон шартта гана”* камсыз кылат. Экинчи бөлүк “балдар үчүн тыюу салынган басма жана башка полиграфиялык продукцияларды” өндүрүүчүлөргө жана таратуучуларга жайылтылат. Эгерде продукция “аныкталбаган адамдардын чөйрөсүнө” арналса жана “балдар үчүн жеткиликтүү жерлерде” таркатылса, анда мындай продукция балдарга “зыян келтирүүчү маалыматтарды камтыбашы керек”. Тыюу салынган маалыматты жабык таңгак түрүндө гана таратууга жол берилет.

Аныктамалар бөлүгүнө жарым-жартылай толуктоолор киргизилген (1-берене), ал эми 3-беренеде жаңылык эмес мүнөздөгү программаларга жана берүүлөргө карата талаптар белгиленген – алар “*жашы жете электердин аларды көрүүсүн техникалык жактан чектөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек*”.

2. Ошондой эле долбоордун пакетине **Укук бузуулар жөнүндө кодекстин**[1] “*Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузуу*” деген **74**-беренесине да толуктоолор киргизилген (Балдардын ден соолугуна же өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү тыюу салынган маалыматтарды тараткандыгы үчүн айып түрүндө жоопкерчилик белгиленет). Ал эми **471-берене** ыйгарым укуктуу органды **74-берене** боюнча иштерди кароого милдеттендирет.

3. “**Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө**”[2] КР Мыйзамы 23-берене менен толукталууда. Ачык жайылтылбай турган маалыматтардын учурдагы тизмесине жаңы тыюу кошулду – “*балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү, балдарга таратууга тыюу салынган маалыматты таратууга жол берилбейт*”.

Сунушталып жаткан мыйзам долбоору маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда, анын ичинде Интернетте балдардын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган.

Депутат Д.Исаеванын демилгесине талдоо жүргүзүп чыгып, Медиа Полиси Институту талкууга коюлган мыйзам долбоорунда олуттуу кемчиликтер бар жана ал жалпысынан Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана эл аралык укуктун

[1] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112306/80?cl=ky-kg&mode=tekst
[2] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/819/70?cl=ky-kg&mode=tekst
25b5%25d0%25b4%25d1%2581%25d1%2582%25d0%25b2%25d0%25b0%25d1%2585%2B%25d0%25bc%25d0%25b0%25d1%2581%25d1%2581%25d0%25be%25d0%25b2%25d0%25be%25d0%25b9%2B%25d0%25b8%25d0%25bd%25d1%2584%25d0%25be%25d1%2580%25d0%25bc%25d0%25b0%25d1%2586%25d0%25b8%25d0%25b8

ченемдерине каршы келет деген тыянакка келди. Интернетти жөнгө салуу жагында, мыйзам долбоору сөз жана маалымат эркиндигин буза турган өтө башаламан жана ырааттуу эмес мыйзам чыгаруу актысы болуп саналат, бул болсо акыр соңунда коюлган максатка жетүүдө – Интернетти балдар үчүн коопсуз жайга айлантууда натыйжасыз болуп калат.

Мыйзам долбоорунун олуттуу кемчиликтери:

- балдар үчүн коопсуз маалыматтык чөйрөнү түзүү жөнүндө мыйзам долбоорунда көрсөтүлгөн максат балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо боюнча мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө мыйзам долбоорунун өзүнүн ченемдерине шайкеш келбейт, мында балдар үчүн коопсуз маалыматтык чөйрөнү түзүү боюнча механизмдер толук өлчөмдө берилген эмес;
- өлкөнүн Конституциясы жана Кыргызстан катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер менен корголгон адамдын оюн эркин билдирүү укуктарынын кепилдиктеринен укукка сыйбаган четтөөлөр болот деген олуттуу тобокелдиктерге жол берилип жатат;
- баланын өнүгүшү үчүн биринчи кезекте жооптуу болгон ата-энелердин катышуусу жөнгө салынган эмес жана ар кандай маалыматты, анын ичинде ден соолукка зыян келтирүүчү маалыматтарды ата-энелердин өздөрү да бериши мүмкүн деген факт каралган эмес;
- балдардын ден соолугуна же өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү басма жана аудиовизуалдык маалыматтарды таратууда ЖМК, маалыматтык-телекоммуникациялык тармактардын операторлору, анын ичинде Интернет, блогерлер жана социалдык тармактардын кадимки колдонуучулары үчүн өлчөмсүз чектөөлөр жана тыюу салуулар киргизилип жатат;
- саясатты түзүүгө жана аны ишке ашырууга медиа индустриянын өкүлдөрүнүн катышуусу жөнгө салынган эмес, бул болсо жөнгө салынуучу тармактын адистерин процесске киргизүүнүн эл аралык стандарттарына жана жалпы логикасына шайкеш келбейт.
- мыйзам долбоору өтө бүдөмүк жана баалоочу мүнөздөгү талаптарды белгилеп жатат, бул болсо укуктук аныктык принцибине карама-каршы келет жана укукту колдонуу практикасында субъективизм жана документтин жоболорун кеңири чечмелөө үчүн шарттарды түзүүдө;
- мыйзамдуу негиз болбосо да, кандайдыр бир мүнөздөмөсүн келтирбестен, маалыматтын түрлөрүн тыюу салынган жана чектелүү деп бөлүп карайт;
- ыйгарым укуктуу органга ЖМКнын, блогерлердин жана социалдык тармактардын жигердүү колдонуучуларынын контентин көзөмөлдөөгө жана кийлигишүүгө жол ачат;
- балдардын жана чоңдордун маалыматты эркин алуу укугун чектеген бир катар шарттарды белгилейт;
- жаш курак боюнча чектөөнүн иштелип чыккан квалификациялык белгилери жок болсо да, маалыматтык продуктуну жеткирүүчүлөрдөн жана таратуучулардан “маалыматтык продукциянын белгисин” коюуну талап кылат;
- ачык эмес мүнөздөгү жана коррупциялык схемалардын пайда болушуна өбөлгө түзгөн укукка жат жол-жоболорду белгилейт;
- иштелип чыккан жол-жоболор болбосо да маалымат өндүрүүчүлөрдөн жана таратуучулардан белгилүү бир аракеттерди аткарууну талап кылат;
- түшүнүк аппаратын жаңы терминдердин маанисин чечмелеп бербестен толуктап жатат;

- колдонулуп жаткан терминология кылдат жана терең редакциялык иштерди талап кылат, долбоордун текстинин мазмуну логикалык, стилистикалык жана грамматикалык жактан кайра каралып чыгууга тийиш;
- эл аралык укукка жана ушул сыяктуу мыйзамдар колдонулган башка демократиялык өлкөлөрдүн практикасына негизделген сунуштамаларды эске алуу менен олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылат;
- мыйзам долбоору жөнгө салуучу таасирди талдоону, ошондой эле финансы-экономикалык баалоону жүргүзүүгө муктаж, мындай баалоо мыйзам долбоорун ишке ашырууда мамлекеттик бюджеттен чыгымдар болбойт деп ырастаган мыйзам долбоорунун демилгечисинин билдирүүсүн же тастыктап бериши керек же четке кагууга тийиш.

Жогоруда аталган мыйзам долбооруна талдоо жүргүзүп жатканда көңүл бурууну талап кылган фокуста төмөнкүдөй **көйгөйлөр** бар болуп чыкты: түшүнүк аппараты; маалыматтын түрлөрүн тыюу салынган жана чектелген деп бөлүштүрүлүшү; маалыматты таратуучуларга кошумча финансылык чыгымдарды алып келүүчү жаңы талаптарды киргизүү; ошондой эле жаш курактык классификацияга жана өзгөчө баалуу (маданий, тарыхый, көркөм ж.б.) маалыматка тиешелүү маселелер; маалыматты чектөөдө техникалык аспаптар жана каралууга тийиш болгон бир катар башка маселелер бар.

Долбоордун өзү Орусия Федерациясынын “**Балдарды алардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтардан коргоо жөнүндө**” мыйзамынын кезектеги көчүрмөсү. Биздин мыйзам чыгаруучулардын практикасында көнүмүш адатка айланып калгандай, көчүрүп алынган текстти эч ким улуттук мыйзамдарга ылайыкташтырууга аракет да кылбайт. Натыйжада бири-бирине каршы келип, улуттук жана эл аралык укукка шайкеш келбеген мыйзамдар аз эмес.

Сөзүбүзгө далил катары, өткөн жылы Президенттин Администрациясы сунуштаган жаңы “**Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө**” мыйзам долбоорун мисал катары келтирсек болот, ал да Орусиянын мыйзамынан көчүрүлүп алынып, журналисттердин укуктарын жана медиа уюмдардын ишин мыйзамсыз чектеген өтө көп терс жоболорду камтыйт (https://media.kg/wp-content/uploads/2022/10 /analiz-zakonoproekta-o-sredstvah-massovoj-informaczii.pdf.). Ошондуктан 2022-жылы түзүлгөн ЖМК жөнүндө кыргыз мыйзам долбоорун жеткире иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ ушул күнгө чейин анын мазмунун акылга сыярлык вариантка өткөрүп келүүдө.

## ***Сунуштамалар***

1. Мыйзам долбоорунун негизги максаты – маалыматтык продукцияны классификациялоону жана контентти жаш курактык топтор боюнча маркировкалоону иштеп чыгуу жолу менен балдардын укуктарын коргоо системасын түзүү. Бирок, маалыматтык билдирүүлөрдү классификациялоо жана жайгаштыруу тартиби үчүн критерийлерди түзүү ар кандай тараптарды (медиа коомчулукту, маалыматты жеткирүүчүлөрдү, таратуучуларды, керектөөчүлөрдү, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды жана медиа тармактын башка адистерин) тартуу менен ишке ашырылууга тийиш. Мамлекет онлайн кызмат көрсөтүүчүлөрдүн өзүн-өзү жөнгө салуусуна шарт түзүп, мындай аракеттерди колдошу керек.

2 Маалыматтык продукцияны классификациялоо жана маркировкалоо эрежелери балдар үчүн телерадиоберүү программаларына гана таркатыла тургандыгын мыйзамда бекитүү керек. Мыйзам долбооруна “маалыматтык продукциянын жаш курактык классификациясын өндүрүүчү же таратуучу ыктыярдуу жана өз алдынча жүргүзөт” деп ырастаган так жана анык жоболор кошулууга тийиш. Түз эфирде көрсөтүлгөн программалар, ошондой эле Интернет тармагында таркатылган маалыматтар эрежеден чыгарылууга тийиш. Маалымат жеткирүүчүлөр жашы жете элек балдарды коргоонун жаңы жолдорун ыктыярдуу негизде иштеп чыгып, киргизүүсүнө мамлекет шыктандырышы керек.

3. Мыйзам күчүнө киргенге чейин мыйзам алдындагы базаны даярдап алуу зарыл (маалыматтык продукцияны классификациялоонун жана маркировкалоонун эрежелерин иштеп чыгуу, зарыл болгон ачык реестрлерди даярдоо, зыяндуу маалыматтардан коргоо үчүн уюштуруучулук, техникалык жана программалык-аппараттык каражаттардын тизмесин бекитүү), балдар колдонгон маалыматты баалап, коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды колдонуу үчүн маалыматтык рыноктун субъекттери жана маалыматтык продукцияны өндүрүүчүлөрдүн, таратуучулардын өкүлдөрү менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл.

4. Мыйзам долбоору маалыматтык продукцияны **классификациялоого**, балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо боюнча иштин ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашыруунун регламенттерин жана эрежелерин түзүүгө, ошондой эле мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү жана контролдоону жүзөгө ашырууга тиешелүү чечимдерди кабыл алууда кесипкөй (Интернет-медиалык) коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусун камсыз кылган ченемдер менен толукталууга тийиш. Эң алгылыктуу вариант катары кесипкөй жамааттын өзүн-өзү жөнгө салуучу органдарына же абройлуу кесиптик бирикмелерге тиешелүү функцияларды жүктөө сунушталат.

5. Тиешелүү мыйзамдарда эч кандай учурда балдары бар болгонуна же болбогонуна карабастан, жалпы аудиторияга кандайдыр бир маалыматты **жайылтууга эч кандай тыюу салынбашы керек**. Алар атайын тармактык мыйзамда эмес, жалпы мыйзамдарда туюндурулууга тийиш. Бул “**бойго жеткен**” маалыматты телевидениеде көрсөтүү убактысына чектөөлөрдү киргизүүнү же жашы жеткендерге арналган басылмаларды жаш курагын тастыктаган учурда гана сатуу талаптарын коюу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарбайт.

6. Мыйзам кабыл алынганга чейин эле пайда болгон **маданий мурас объекттеринин** (тарыхый, маданий же көркөм баалуулуктардын) **кол тийбестигин** камсыз кылууга мүмкүн болгон максималдуу аракеттер көрүлүүгө тийиш. Мыйзамдарды бузбоо максатында классикалык тасмаларды көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн алардан сценалар алынып салынган, каармандардын үнүн же иш-аракеттерин графикалык ретуш кылган кырдаалдар болбошу керек.

7. Контролдоо-көзөмөлдөө ишинде мамлекеттик бийлик органдарынын ролу **минималдаштырылууга тийиш**. ЖМКлар тигил же бул контентти классификациялоо көз карашынан баалоону билдирбеген формалдуу мыйзам бузууларга жол берген учурда гана мамлекеттик бийлик органдары өз демилгеси менен жоопко тарта алышат. Мисалы,

жоопкерчилик чаралары контентти маркировкалоо системасын көзгө илбеген учурда колдонулса болот. Тигил же бул маалыматтын ага берилген классификацияга шайкеш келбегени боюнча маселелерди териштирүү пайдалануучулардан, атаандаштардан же керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо менен алектенген коммерциялык эмес уюмдардан даттануулар түшкөн учурда гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

8. Улуттук жана эл аралык искусстводо калыптанган маданий мурастарды сактоо максатында жана Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга ылайык балдардын мындай мурастын объектилерине жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн мыйзам тарыхый, маданий же көркөм баалуулукка ээ болгон маалыматтык продукцияны жүгүртүү менен байланышкан укуктук мамилелерди жөнгө салбашы керек. Мыйзам күчүндө болчу чөйрөлөрдөн илимий, билим берүү, статистикалык жана медициналык иш чөйрөсүндөгү маалыматтарды, ошондой эле түз эфирде берилген маалыматтык программаларды же статистика жаатындагы маалыматтык продукцияларды чыгарып салуу маселесин карап чыгуу керек. Ал маалыматтар бала канча жашта болсо да ага жана анын өнүгүүсүнө зыян келтире албайт. Демек, мындай учурларда маалыматтык белгилерди коюуга ресурстарды сарптоо максатка ылайыктуу болбойт.

9. Колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, аларды туура аныктамаларга алмаштыруу үчүн **жетиштүү деңгээлде аныкталган** деп таанылбай турган жоболорду мыйзамдан чыгарып салуу максатында аны толуктап иштеп чыгуу зарыл. Баарынан мурда, түшүнүк аппаратынын аныктамаларын логикалык байланыш көз карашынан кайра карап чыгуу керек, “балдар үчүн маалыматтык продукция” категориясына маңыздуу аныктама берилиши керек, ошондой эле “коомго каршы аракет”, “уят сөздөргө кирбеген тилдеген сөздөрдү камтыган” жана “уят сөздөрдү камтыган маалымат” деген аныктамалардын мазмунун өзгөртүү керек. Башка терминдердин да маңыздык түшүнүгүн кайрадан текшерип чыгуу керек.

10. Мыйзам долбооруна маалыматтык продукциянын жаш курактык классификациясын өндүрүүчү же таратуучу ыктыярдуу жана өз алдынча белгилей тургандыгы жөнүндө **ачык жана так жоболорду киргизүү керек**. Чектелген жана анык критерийлер белгиленип, ага ылайык мындай классификация атайын билимди колдонбостон жүргүзүлүүгө тийиш.

11. Интернет тармагында **продукцияны милдеттүү түрдө маркировкалоо** жокко чыгарылышы керек. Интернет-сайттарга мыйзам менен жеңилдиктерди жана артыкчылыктарды берип, аларды маркировкалоону киргизүүгө кызыктыруу зарыл. Интернет-сайттарындагы мазмунун колдонуучулар толтурган бөлүмдөр (UGC, сайтка калтырылган пикирлер ж.б.) **мыйзамдын таасиринен чыгарылышы керек**. Мисалы: “сатып алуу-сатуу” тибиндеги сайттар, музейдик, дизайнердик, жумуш издөө, мамлекеттик сатып алуулар боюнча аукциондор ж.б. сайттар.

12. Маалыматтык продукцияны классификациялоого, балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо боюнча иштин ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашыруунун регламенттерин жана эрежелерин түзүүгө тиешелүү чечимдерди кабыл алууда **кесиптик жамааттын өкүлдөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусун** камсыз кылуучу өзгөртүүлөрдү мыйзам долбооруна киргизүү зарыл. Эң алгылыктуу вариант катары, кесиптик коомчулуктун

өзүн-өзү жөнгө салуучу органдарына же кесиптик бирикмелерге же аброю жогору коммерциялык эмес уюмдарга тиешелүү функцияларды жүктөө сунушталат.

13. Бул мыйзам долбооруна милдеттүү тартипте жөнгө салуучу таасирди талдоо жана финансылык-экономикалык баалоо жүргүзүп чыгуу сунушталат. Мыйзам долбоорун мындай долбоорлорго коюлуучу негизги талаптарга шайкеш келтирүү зарыл.

14. Продукцияны "**өзгөчө баалуу**" категориясына укук ченемдүү киргизүү максатында чыгармаларды ушундай категорияга киргизүүнүн критерийлерин жана жол-жоболорун иштеп чыгуу зарыл. Мындай чыгармалардын реестри ачык жана жалпыга жеткиликтүү болушу керек.

## ***<u>Мыйзамды колдонуу чөйрөсү</u>***

"**Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө**"[3] КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу сунушталган долбоордо анын демилгечиси, депутат Д. Исаева да "түптөлүп калган терс практиканын жолу менен кеткен", мында орусиялык беренелерди көчүрүүдө мыйзамды ишке ашыруунун түзүмүн тартипке келтирүүгө жана анын колдонуу чөйрөсүн түшүнүүгө жардам берген маанилүү ченемдер этибарга алынбай калууда.

Жогоруда айтылгандай, долбоорго жасалган талдоо көрсөткөндөй, долбоорго кошумча киргизилген дээрлик бардык чектөөлөр жана тыюу салуулар Орусиянын "**Балдарды алардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтардан коргоо жөнүндө**" федералдык мыйзамынан алынган. Бирок баштапкы булактан алынган маанилүү учурлар кыргыз мыйзам долбооруна кирген эмес. Ал эми сөз мамилелердин чөйрөлөрүн (өзгөчө тизме) чектөө бөлүгүндө болуп жатат, бул чөйрөлөргө мыйзамдын таасири жайылтылбайт (**1-берене. "Ушул Федералдык мыйзамдын колдонуу чөйрөсү"**). Бул маселеге көңүл буруп, зарыл учурда тажрыйбаны мыйзам долбоорун толуктап иштеп чыгууда колдонуш керек.

"Федералдык мыйзам балдарды алардын ден соолугуна жана (же) өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтардан, анын ичинде маалыматтык продукцияда камтылган мындай маалыматтардан коргоого байланыштуу мамилелерди жөнгө салат". Мааниси боюнча, биринчи бөлүк алардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтык продукцияны жүгүртүүдө балдарды коргоо менен байланышкан бардык коомдук мамилелер үчүн жалпы эрежени белгилеп жатат. Ал эми экинчи бөлүгү мыйзамдын колдонуу чөйрөсүнөн чыгарылгандарды белгилейт, бул абдан позитивдүү көрүнүш. Бул бөлүктө *"мыйзам төмөнкү чөйрөлөрдөгү мамилелерге жайылтылбайт"* деп так жазылган*:*

*1) илимий, илимий-техникалык, статистикалык маалыматтарды камтыган маалыматтык продукцияны жүгүртүүгө";*

[3] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111229?cl=ru-ru

*2) “Маалымат, маалымат технологиялары жана маалыматты коргоо жөнүндө” жана башка федералдык мыйзамдар .... Федералдык мыйзам менен белгиленген жеткиликтүүлүгүн чектөөгө жол берилбей турган маалыматты жайылтууга;*

*3) коом үчүн олуттуу тарыхый, көркөм же башка маданий баалуулукка ээ болгон маалыматтык продукцияларды жүгүртүүгө;*

*3.1) федералдык мамлекеттик билим берүү стандарттарында жана федералдык негизги жалпы билим берүү программаларында каралган адабият чыгармаларын жүгүртүүгө;*

*3.2) Библияны, Куранды, Танахты жана Ганжурду жайылтууга”;*

*4) жарнамага”.*

Белгилей кетсек, аталган мыйзамды ишке ашыруунун орусиялык тажрыйбасы жыл сайын мыйзам чыгаруучулар мурда аныкталбаган көйгөйлөрдү четтетүү менен бул ченемге түзөтүүлөрдү киргизип келатканын көрсөтүп турат. Бир мисалды келтирели, 2022-жылдын аягында мамлекеттин көзөмөлүнөн төмөнкүлөр чыгарылган: “*Библияны, Куранды, Танахты жана Ганжурду жайылтуу*”, ошондой эле “*федералдык мамлекеттик билим берүү стандарттарында жана федералдык негизги жалпы билим берүү программаларында каралган адабият чыгармаларын жүгүртүү”*. Бул тизме жаш курактык классификацияны белгилөө боюнча мыйзамдын талаптары жайылтылбаган маалыматтардын жаңы түрлөрү менен толукталды.

Орусиялык мыйзам көрсөтүлгөн маалыматтардын аталган түрлөрүнөн тышкары, мыйзамдын күчү жайылтылбаган маалыматтардын айрым түрлөрүнө карата башка демократиялык өлкөлөрдүн тиешелүү практикасын карап чыгуу логикалуу болмок. Мыйзам долбоорунун колдонуу чөйрөсү андан чыгарылып салынышы керек болгондордун толук тизмесин камтууга тийиш. Ал эми мыйзам долбоору балдар үчүн маалыматтык продукцияны таратуу боюнча бир топ катаал талаптарды белгилегендигин эске алсак, анда маалыматтын көптөгөн түрлөрү балдарга гана эмес, чоңдорго да жеткиликтүү болбой калат. Мисалы, коом үчүн маданий, тарыхый же көркөм баалуулукка ээ болгон маалыматты жайылтууга тыюу салуу же чектөө жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткаруу күтүлбөгөн жыйынтыкка алып келиши ыктымал. Алсак, Орусияда телеканалдар “Ну, погоди!” аттуу белгилүү мультфильмди чыгаруудан баш тартышы керек болчу. Себеби: мультфильмде тамеки тартуу жана спирт ичимдиктерин ичүү көрүнүштөрү бар.

Мыйзамды ишке ашырууда терс кесепеттерге туш болбош үчүн долбоордун демилгечиси маданий мураска карата тарыхый жактан түзүлгөн кырдаалга көңүл бурушу керек эле. Себеби нукура шедевр болгон айрым чыгармалар башка доорлордо жаралган, ал маалда коом маалыматтык продукциянын мазмунуна карата башка талаптарды коюп келген. Ошондуктан, мындай чыгармалардан маалыматты физикалык жол менен чыгарууга болбойт, алар баарына жеткиликтүү болууга тийиш. Маданий мурас объекттеринин кол тийбестигин камсыз кылуу боюнча мүмкүн болушунча максималдуу күч-аракеттерди жумшаш керек.

Продукцияны “**өзгөчө баалуу**” категориясына укук ченемдүү киргизүү максатында чыгармаларды ушундай категорияга киргизүүнүн критерийлерин жана жол-жоболорун иштеп чыгуу зарыл. Мындай чыгармалардын реестри ачык жана жалпыга жеткиликтүү болушу керек. Бирок бул учурда да аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн ишинде коррупциялык элементтер жаралышы ыктымал деген тобокелдик пайда болот, себеби

алар тигил же бул чыгарманы өзгөчө маданий баалуулук категориясына киргизүүнү же аны жаш курактык классификациялоо аркылуу өткөрүүнү чечишет, мунун натыйжасында мындай “**баалуулукту**” жайылтууга толук тыюу салынышы ыктымал. Ошондой эле маалыматтык продукцияны жүгүртүү рыногунда субъекттердин укуктарын кыянаттык менен пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөр да жокко чыгарылбашы керек.

Мыйзамды колдонуу чөйрөсүнөн мындай учурларды алып салуу улуттук жана эл аралык искусстводо калыптанган маданий мурастарды сактоо кепилдигин камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле **Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн** жана **20-беренесинин үчүнчү бөлүгүнүн, ошондой эле КР Конституциясынын 21-беренесинин биринчи бөлүгүнүн** талаптарына ылайык балдардын мындай мурас объекттерине жетүүсүнө жол ачмак. Бул ченемдерге ылайык, мамлекет “*балдарды ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене боюн өнүктүрүүгө, аларды жарандык-мекенчилдик тарбиялоого көмөк көрсөтүүчү шарттарды*” түзүп берүү менен, “*адам укугун жана эркиндигин кемсинтпеген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоо менен Кыргызстан элинин маданиятынын өнүгүүсүнө*” кам көрөт.

Ошентип, “**өзгөчө баалуу**” дегендердин реестринин баштапкы версиясы түзүлмөйүнчө, мыйзам долбоорун кабыл алуу максатка ылайыксыз болуп калат.

Ошондой эле медициналык, илимий жана илимий-техникалык, укуктук мүнөздөгү маалыматтарды, ошондой эле маалыматтык, статистикалык, сурап-билүүчү жана коомдук-саясий маалыматтарды маркировкалоо логикага жатпайт. Бул маалыматтардын бардыгын балдар жөн гана кабылдай алышпайт. Ошол эле учурда окуу процессинин алкагында балага мугалимдер же ата-энелер дайыма жардам берерин, ага продукциянын жаш курактык классификациясы жөнүндө зарыл маалыматты жеткире ала тургандыгын эске алуу керек. Баланын медициналык багыттагы маалыматты кабыл алуусу чоңдордун катышуусу менен, ошондой эле өз кесибинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу балага тигил же бул маалыматты жеткирүүнүн тобокелдиктерин баалай ала турган дарыгерлерди тартуу менен ишке ашырылат.

Орусиялык мыйзамга окшоштук принциби боюнча, маалыматтык продукцияны жүгүртүүгө тиешелүү бөлүгүндө жарнамалык мамилелерди жөнгө салууну болочок мыйзамды колдонуу чөйрөсүнөн чыгарып салуу сунуш кылынат. Жүйө катары төмөнкүлөрдү келтирүүгө болот: Кыргыз Республикасынын жарнама мыйзамдары атайын, так түзүлгөн деп айтса болот, жарнакты чыгарууда жана жайгаштырууда жашы жете электерди коргоо боюнча мыйзамда жетиштүү жана зарыл чаралар камтылган. Мисалы, “Жарнама жөнүндө” мыйзамдын[4] 20-беренесин алалы (“**Жарнаманы чыгарууда, жайгаштырууда жана таратууда жашы жетпегендерди коргоо**”). Балдарга даректелген жарнама тиешелүү мыйзамдарда каралган талаптарды эске алуу менен даярдалып, таратылышы керек. Мындай мамиле дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө колдонулуп жаткан практикага жооп берет.

Алып салынчулардын тизмесине түз эфирде көрсөтүлгөн, чектелүүгө жатпаган маалыматты кошуу маанилүү. Түз эфирдеги маалыматтык программаларды мыйзамдан чыгаруунун себеби, ЖМКнын өкүлдөрү, блогерлер, телерадиоберүүлөрдү жаратуучулар программанын катышуучуларынын иш-аракеттерин алдын ала көрө алышпайт жана

[4] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/162

көзөмөлдөй алышпайт, себеби бул процессте алдын ала көрүп же угуп чыгуу мүмкүн эмес. Мындан улам мындай программаны алдын ала белгилүү бир жаш курактык категорияга киргизүү да мүмкүн эмес.

Мыйзам долбоорунун күчү жайылтылган чөйрөсүнө кирбеген укуктук мамилелерди алып коюу жол-жобосун колдонуу менен *балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо кызыкчылыктарын жана маалыматка жетүү эркиндигин теңдештирүү үчүн өбөлгөлөр түзүлөт*.

## ***Эл аралык милдеттенмелер***

**Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренесинде** ар бир адам ар кандай каражаттар менен, мамлекеттик чек араларга карабастан **эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу** деп айтылат.

Балдардын укуктарын эл аралык-укуктук жөнгө салуунун көлөмү абдан компакттуу, ал баланын өз оюн эркин билдирүү, маалымат алуу жана зыяндуу маалыматтардан коргонуу укугуна атайын арналган документтердин олуттуу көлөмүн камтыбайт. Себеби, жаш курагына карабастан, бардык адамдардын укуктарын жарыялаган жана кепилдеген негизги документтер балдарга карата да колдонулат. Аталган стандарттар эл аралык укукта, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыда, Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда, ошондой эле Кыргыз Республикасы тарап болуп саналган ЕККУ менен БУУнун алкагында кабыл алынган ар кандай макулдашууларда, эл аралык уюмдардын сунуштама актыларында, эл аралык органдардын жана уюмдардын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүндө белгиленген.

Балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камтыган биринчи эл аралык документтердин арасында БУУнун Башкы Ассамблеясы кабыл алган Балдар укуктарынын декларациясы[5] болгон. Документ Декларацияны колдогон мамлекеттер тааныган жалпы принциптерди гана караштырат.

Декларацияда белгиленген принциптердин өнүгүшү 1989-жылдын 20-ноябрындагы **Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда**[6] чагылдырылган. Кыргыз Республикасы Декларацияга КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы №1402-XII токтому[7] менен кошулган. Баланын укуктары жөнүндө конвенция балдардын укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарынын системасын түзгөн жана олуттуу мааниге ээ. **КР Балдар жөнүндө кодексинин 2-беренесине**[8] ылайык, ал балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамына киргизилген.

**Конвенциянын 13-беренеси** балага өз оюн эркин билдирүүгө укук берет. “*Анын бул укугуна ар кандай түрдөгү маалыматтарды жана идеяларды чек арага карабастан оозеки, кат жүзүндө же басылган түрдө, искусство чыгармалары түрүндө же баланын*

[5] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 841-пленардык отурумунда 1959-жылдын 20-ноябрындагы 1386 (XIV) Резолюциясы менен кабыл алынган. Сайтка шилтеме: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/childdec.shtml

[6] Башкы Ассамблеянын 1989-жылдын 12-январындагы 44/25 резолюциясы кабыл алынган. Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 20-ноябрында кошулган. Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/ view /ru-ru/17444?cl=ru-ru

[7] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50675?cl=ru-ru

[8] 2012-жылдын 10-июлундагы №100 токтому менен кабыл алынган. Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203700

*ыктыярына жараша башка каражаттардын жардамы менен эркин издеп табуу, алуу жана берүү кирет*". Ушул эле беренеде оюн эркин билдирүү төмөнкү максаттардын бирине жетүү үчүн чектелиши мүмкүн экени көрсөтүлгөн: башка адамдардын укуктарын жана беделин урматтоо үчүн, же мамлекеттин коопсуздугун же коомдук тартипти, калктын ден соолугун же адеп-ахлактуулугун коргоо үчүн.

Ошону менен бирге Конвенциянын жоболору **баланын ата-энесинин жана башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн** өз укуктарын жүзөгө ашыруудагы ролун бөлүп көрсөтөт, ал документтин 18-беренесинде каралган. Бул берененин биринчи бөлүгү негизги принцип катары төмөнкүлөрдү белгилейт: **"Ата-энелер же мыйзамдуу камкорчулар баланын тарбияланышы жана өнүгүшү үчүн негизги жоопкерчиликте болушат. Баланын кызыкчылыгы алардын негизги камкордугу болуп саналат**".

Бул маселеде мамлекеттин ролу чектелүү. Келтирилген берененин экинчи бөлүгү катышуучу мамлекеттердин Конвенцияда баяндалган укуктарды жүзөгө ашырууга кепилдик берүү жана көмөк көрсөтүү максатында **ата-энелерге жана мыйзамдуу камкорчуларга "алардын балдарды тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарышы үчүн тиешелүү жардам көрсөтүү"** милдетин белгилейт.

*Балдарды коргоо максатында* маалыматтын жүгүртүлүшүн чектөө мүмкүнчүлүгүн түшүнүү үчүн **17-берене** Конвенциянын эң маанилүү жобосу болуп саналат. Бул берене жалпыга маалымдоо каражаттарынын маанилүү ролун баса белгилеп, баланын **ар кандай улуттук жана эл аралык булактардан**, айрыкча баланын социалдык, руханий жана моралдык бакубатчылыгына, ошондой эле дени сак физикалык жана психикалык өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө багытталган **маалыматтарга жана материалдарга жеткиликтүүлүгүн кубаттоого басым жасайт**. Бул максаттарда Конвенциянын катышуучу-мамлекеттери ЖМКларды бала үчүн пайдалуу маалыматтарды жайылтууга, ар кандай булактардан маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу жаатындагы эл аралык кызматташууга, балдар адабиятын чыгарууга жана жайылтууга үндөйт. Ошондой эле ЖМКнын кайсы бир азчылык тобуна же түпкү калкка таандык баланын тилдик муктаждыктарына өзгөчө көңүл бурууга умтулуусу оң маанайда кабыл алынышы керек.

17-берененин ишке ашыруу боюнча багыттардын бири катары катышуучу мамлекеттер "*13-берененин жана 18-берененин жоболорун эске алуу менен баланын бакубатчылыгына зыян келтирүүчү маалыматтар менен материалдардан баланы коргоонун тиешелүү принциптерин иштеп чыгууну* ***колдошот***".

Ошентип, ченемди сөзмө-сөз чечмелөөдөн кийин белгилүү болгондой, мамлекет зыяндуу маалыматтардан **коргоо системасын өз алдынча иштеп чыгып, ишке ашырбашы керек**, мамлекет ар кандай тараптарды (пайдалануучуларды, таратуучуларды, керектөөчүлөрдү, жөнгө салуучу органдарды) жигердүү тартуу менен медиа-уюмдардын стандарттарды киргизүүсүнө **уруксат берип, бул аракеттерди кубатташы керек**.

Бул беренеге ылайык балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо принциптерин белгилөө милдеттүү түрдө жүргүзүлүүгө тийиш, **мында баланын өз оюн эркин билдирүү укугу, анын ичинде чек араларга карабастан ар кандай формада маалымат алуу жана берүү укугу бузулбашы керек же өлчөмсүз чектелбөөгө тийиш** (Конвенциянын 13-беренеси).

Мындан тышкары, мамлекет баланы тарбиялоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуу боюнча ата-энелердин укуктарына жана милдеттерине кийлигише албайт, себеби мындай милдет Конвенциянын 18-беренесинде каралган. Бул беренеге ылайык, мамлекеттин негизги милдети – ата-энеге жана мыйзамдуу камкорчуларга баланы тарбиялоодо *жардам көрсөтүү*.

Эл аралык Артикль 19 уюму баланы зыяндуу маалыматтардан коргоо принциптерин иштеп чыгууну колдойт жана Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияга арналган аналитикалык баяндама даярдаган. Баяндамада каралып жаткан туюндурманын редакциясында алгач балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо механизмдерин түзүүдө мамлекеттин кеңири катышуу мүмкүнчүлүгү бар болгонун белгилейт. Бирок Конвенциянын текстин талкуулоонун жана толуктап иштеп чыгуунун жүрүшүндө маалыматтык саясатка мамлекеттин катышуусунун берененин бекитилген редакциясында жазылгандай формасы оптималдуу болот деп табылган.

Ошентип, **Конвенциянын** шайкештигин камсыз кылуу максатында балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо үчүн укуктук негизди түзүүдө мамлекет **үч негизги шарттын** сакталышын камсыз кылууга милдеттүү: 1) киргизилип жаткан жөнгө салуу өз оюн айтуу **эркиндигин ашыкча чектебеши керек**, башкача айтканда, мыйзамдуу кызыкчылыктарды коргоо үчүн зарыл болгон жана пикирин эркин билдирүүгө өлчөмдөш чектөөлөр киргизилиши керек; 2) киргизилип жаткан жөнгө салуу балдарды тарбиялоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуучу ата-энелердин "жоопкерчилик зонасына" **кийлигишпеши** керек; 3) киргизилип жаткан жөнгө салуу өзүн-өзү жөнгө салуу органдарын жана индустрия өкүлдөрүн **балдарды коргоо принциптерин иштеп чыгууга түрткү бериши керек**.

Баланын укуктук статусунун дагы бир бөлүгү катары анын Конвенция менен артикуляцияланган маданият чөйрөсүндөгү укуктарын бөлүп көрсөтүү зарыл. Конвенциянын **31-беренесине** ылайык:

*«1. Катышуучу мамлекеттер баланын эс алууга жана көңүл ачууга, өзүнүн курагына ылайык келген оюндарга жана оюн-зоок иш-чараларына катышууга, маданий турмушка эркин катышууга жана искусствого аралашууга болгон укугун таанышат.*

*2. Катышуучу мамлекеттер баланын маданий жана чыгармачыл турмушка ар тараптан катышуу укугун урматташат жана колдошот, маданий жана чыгармачыл иши, убактысын өткөрүшү жана эс алышы үчүн тиешелүү жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн берилишине көмөк көрсөтүшөт"*.

**Европа Биримдигинин** актыларынын арасында жашы жете электерди зыяндуу маалыматтардан коргоо принциптерин түзүүчү негизги документ катары Европа Парламентинин жана Европа Биримдигинин Кеңешинин 2010-жылдын 10-мартындагы 2010/13/ЕБ "**Аудиовизуалдык медиа кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө" Директиваны** атаса болот[9]. Бул документ Европа Биримдигинин аймагында аудиовизуалдык кызмат көрсөтүүнүн бирдиктүү стандарттарын белгилеген кыйла деталдаштырылган алкактык акт болуп саналат.

[9] Европа Парламентинин жана Европа Биримдигинин Кеңешинин 2010-жылдын 10-мартындагы 2010/13/ЕБ "Аудиовизуалдык медиа кызмат көрсөтүүлөргө карата ЕБге мүчө мамлекеттерде колдонулуучу айрым мыйзамдык, регламенттик жана административдик жоболорду координациялоо жөнүндө" Директивасы (Аудиовизуалдык медиа кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Директива). Сайтка шилтеме: http://bazazakonov.ru/doc/index.php?print=Y&ID=2405142

Жашы жете электерди зыяндуу маалыматтардан коргоонун европалык стандарттарына талдоо жасаганда бул Директиваны, ошондой эле бул маселе боюнча жалпы европалык органдар түзгөн сунуштамаларды эске алуу зарыл. Алар: 1998-жылдын 24-сентябрындагы 98/560/ЕБ Жашы жете электерди жана адамдын кадыр-баркын коргоо боюнча Сунуштама (http://europa.eu/legislation_summaries/audiovisualand_ media/l24030b_en.htm) жана 2006-жылдын 20-декабрындагы 2006/952/ЕБ Европа Парламентинин жана Кеңешинин Жашы жете электерди жана адамдын кадыр-баркын коргоо боюнча, ошондой эле европалык аудиовизуалдык жана онлайн маалыматтык кызмат көрсөтүү индустриясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө карата жооп берүү укугу жөнүндө Сунуштамасы (http://eur-lex.europa.eu/Lex UriServ/LexUriServ.do?uri=CELEX:32006H0952:EN:NOT). Бул Сунуштамалар балдарды ЖМКда жана Интернет тармагында чыккан зыяндуу маалыматтардан коргоого багытталган чаралардын жыйындысын бекитип беришкен.

Жалпы европалык жөнгө салуучулар сунуштаган эрежелерге жасалган талдоо **балдардын маалыматтык укуктарын коргоого багытталган эрежелерди жана жол-жоболорду иштеп чыгууга аудиовизуалдык индустриянын бардык катышуучуларын тартуу жана өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдардын актыларын жөнгө салуунун артыкчылыктуу аспабы катары бөлүп көрсөтүү** жашы жете электердин укуктарын коргоонун европалык системасы үчүн артыкчылык болуп саналат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

## ***Улуттук мыйзамдар***

**КР Конституциясы 27-беренеде** ар бир балага анын дене боюнун, акыл-эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине **укук берет**. Мында **баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо шарттарын камсыз кылуу жоопкерчилиги атасына жана энесине, камкорчуга жана көзөмөлчүгө жүктөлөт**.

Кыргыз Республикасында баланын эң мыкты таламдарын камсыз кылуу принциби колдонулат. “**Баланын эң мыкты таламдары**” түшүнүгү **Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинде** чечмеленип берилген. Алар:

*«- аларды мыйзамда бекемдөө менен баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;*

*- балага тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алууда аны милдеттүү түрдө эске алуу менен, **баланын өз оюн билдирүү укугун камсыз кылуу;***

*- коомдун тең укуктуу мүчөсү катары баланын укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоо жана камсыз кылуу;*

*- балдарды расасынын, өңү-түсүнүн, жынысынын, тилинин, дининин, саясий же башка ынанымдарынын, улуттук, этностук же социалдык тегинин белгилери боюнча, мүлктүк абалынын, ден соолугунун абалынын же кандайдыр бир гана башка белгилери боюнча басмырлоонун жол берилбестиги;*

*- мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүндө балдардын, өзгөчө турмуштук оор кырдаалда турган балдардын акысыз кызмат көрсөтүүлөргө жетимдүүлүгүн камсыз кылуу;*

*- баланы зомбулуктун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу;*

*- экономикалык пайда табуу максатында балдардын эмгегинин анын эң жаман формасында эксплуатациялоонун жол берилбестиги;*

*- баланын укуктарын жана таламдарын бузуу, ага залал келтиргендик үчүн мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызматкерлеринин, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын жоопкерчилиги;*

*- баланы тарбиялоонун жана билим берүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;*

*- мамлекет, коомчулук, үй-бүлө тарабынан баланын укуктарын жана таламдарын коргоонун артыкчылыктуулугу;*

*- баланын үй-бүлөдөн ажыроосун болтурбоо жана баланын үй-бүлөнүн курчоосунда болуу укугун камсыз кылуу;*

***- ар бир баланын дене бой, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укугун камсыз кылуу;***

***- ата-энелердин өз жөндөмдүүлүктөрүнүн жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыз кылуу жоопкерчилиги;***

*- мамлекеттин жетим балдарды жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылуусу.*

*- аны коргоо боюнча чараларды көрсөтүүдө баланын этностук, диний жана маданий тегин эске алуу менен балага камкорчулуктун, тарбиялоонун жана билим берүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;*

*- мамлекет, коом, үй-бүлө тарабынан баланын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана сактоо;*

***- баланын талаптагыдай өсүшүн камсыз кылуудагы ата-энелердин жана аларды алмаштыруучу жактардын милдеттери».***

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын **Үй-бүлө кодексинин “Балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун негизги принциптери” аттуу 4-беренесинде**[10] өз жөндөмдүүлүктөрүнүн жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыз кылуу *жоопкерчилиги* ата-энелерге *жүктөлгөн*.

Жогоруда саналып өткөн мыйзамдардын, КР Конституциясынын, Үй-бүлө кодексинин жана Балдар жөнүндө кодекстин ченемдери ата-энелерге жана камкорчуларга баланын талаптагыдай өнүгүүсүн камсыз кылуу милдетин жүктөйт. Бул мыйзам долбоору балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоого арналган, бирок демилгечи жогоруда айтылган ченемдерди эске алган эмес жана ата-энелердин балдардын зыяндуу маалыматтарга жетүүсүн чектөө механизмдерин караган эмес, ошондой эле ата-энелер мыйзам ченемдерин бузган учурда алардын жоопкерчилигин көрсөткөн эмес.

**Талкууга коюлган мыйзам долбоорунун талдоосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 27-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган талаптарды аткаруу бөлүгүндө конституциялык ченемдерге шайкеш келбейт.**

Негиздеме-маалымкатта мыйзам долбоорунун демилгечиси “*компьютер, Интернет тармагы менен иштөөдө өсүп келе жаткан муундун дене боюна, моралдык, руханий ден соолугуна терс таасир этиши, балдардын коопсуздугуна коркунуч туудурган*

[10] Мыйзамга шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1327

*психикалык жактан туруксуз окуучулардын жүрүм-турумунун пайда болушу сыяктуу терс таасирин тийгизген бир катар өңүттөр бар*" деген көйгөйдү жүйө келтирет, **бирок мыйзам долбоорунда бул көйгөйдү чечүү үчүн эч кандай сунуштар берилген эмес**. 2021-2022-жылдары өлкө боюнча жүргүзүлүп чыккан "Кыргызстандагы балдар жана медиа керектөө"[11] аттуу изилдөөдөгү маалыматтарга ылайык, көпчүлүк балдар эрте курактан баштап 13 жашка чейин өз гаджеттерин, ал эми мүмкүнчүлүк болсо ата-энесинин телефонун жана планшетин колдонушат. 11 жашка чыга элек он баланын тогузунда (91%) өзүнүн мобилдик телефону же планшети же экөө тең бар. Балдар мобилдик телефонду жана планшеттерди үйдө (99%) жана жолдо (75%), бир нерсени күтүп жатканда (53%) колдонушат. Мектепте (12%) же конокто отурганда (5%) азыраак колдонушат. Бул изилдөөгө ылайык балдар арасында эң популярдуу социалдык тармактар төмөнкүлөр: TikTok; YouTube; Instagram, ал эми эң популярдуу мессенжерлер – WhatsApp; Telegram; Discord. Интернет чексиз болгондуктан, жергиликтүү интернет-блогерлерди гана жөнгө салуу аракети "кырдаалды" куткарбайт, ал эми балдардын бүткүл дүйнөлүк Интернет желесине (компьютер, телефон) **өз алдынча** кирүүсүнө **бул мыйзам долбоору эч кандай таасир этпейт**.

Кыргызстанда адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык таанылат жана кепилденет (**КР Конституциясынын 55-беренеси**). Мамлекет жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин Конституцияда жана мыйзамдарда бекитилген тартипте камсыз кылат (**КР Конституциясынын 56-беренеси**). Сөз эркиндиги укугун колдонуу чөйрөсү кенен. **КР Конституциясынын 32-беренесине ылайык**, *ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга, өз пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу жана эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес*. Мамлекет да, анын институттары да адамды кандайдыр бир пикирди билдирүүгө же андан баш тартууга, анын ичинде диний ишенимдерди таңуулоого милдеттендире албайт. Кыргыз Республикасында **адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбайт (КР Конституциясынын 56-беренеси)**.

Жогоруда айтылгандай, Конвенцияда каралган балдарды коргоо принциптери КР Балдар жөнүндө кодексинде да чагылдырылган. Алсак, **баланын өз оюн айтуу эркиндигине болгон укугун** аныктаган 11-берене төмөнкү принциптерди белгилейт:

«*1. Бала анын таламдарына тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча өз пикирин эркин билдирүүгө укуктуу. 2. Балага кандай болбосун соттук, административдик же башка териштирүүнүн жүрүшүндө түздөн-түз же болбосо мыйзамдуу өкүлү аркылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте угулууга мүмкүнчүлүк берилет*».

Сөз эркиндигине болгон укук абсолюттук эмес: айрым жана кээ бир жагдайларда ал чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн. **КР Конституциясы боюнча (23-берене)** *улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгы менен адеп-ахлагын*

[11] Сайтка шилтеме: https://edu.gov.kg/media/%D0%94%D0%95%D0%A2%D0%98_%D0%98_%D0%9C%D0%95%D0%94%D0%98%D0%90%D0%9F%D0%9E%D0%A2%D0%A0%D0%95%D0%91%D0%9B%D0%95%D0%9D%D0%98%D0%95_FINAL.pdf

*сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында* чектөөлөргө жол берилет. Ошону менен бирге, киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек. Бул укуктун негиз салуучу мүнөзүнө байланыштуу чектөөлөр укуктук мамлекеттин принциптерине так жана айкын аныкталууга тийиш.

**Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын** (ЖСУЭП) 19 (3)-беренесинде өз оюн билдирүү эркиндигин мыйзам менен чектөөгө жол берилген так чектер белгиленген. Анда төмөнкүлөр айтылат:

Ушул берененин 2-пунктунда каралган укуктарды пайдалануу өзгөчө милдеттерди жана өзгөчө жоопкерчиликти жүктөйт. Мындан улам ал кээ бир **чектөөлөр** менен коштолушу мүмкүн, бирок алар **мыйзам** менен белгиленип, **зарыл** болууга тийиш:

*а) башка адамдардын укуктарын жана кадыр-баркын урматтоо үчүн; б) мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын сактоо үчүн.*

**ЕБАУКнын** 10-беренесинде (2-бөлүктө) мындай деп айтылат: "Милдеттерди жана жоопкерчиликтерди жүктөөчү бул эркиндиктерди жүзөгө ашыруу улуттук коопсуздуктун, аймактык бүтүндүктүн же коомдук тартиптин кызыкчылыктарында, тартипсиздиктерди же кылмыштарды болтурбоо максатында, ден соолукту жана адеп-ахлакты, башка адамдардын аброюн же укуктарын коргоо, жашыруун алынган маалыматтын ачыкка чыгышын болтурбоо үчүн же сот адилеттүүлүгүнүн аброюн жана калыстыгын камсыз кылуу үчүн мыйзамда каралган жана демократиялык коомдо зарыл болгон айрым бир *формалдуулуктар, шарттар, чектөөлөр же санкциялар менен коштолушу мүмкүн*". Бул чектөөлөр **үч критерий** менен чечмеленет, демек, кандайдыр бир чектөөлөр 1) **мыйзамда белгиленип**, 2) **мыйзамдуу максатты көздөп**, 3) демократиялык коомдо **зарыл болууга тийиш**.

Бул аткаруу бийлигине ашыкча эркиндик берген *бүдөмүк же так эмес туюндурулган чектөөлөр же кийлигишүүлөр* адамдын өз оюн эркин айтуу укугуна шайкеш келбейт дегенди билдирет. Укукка кийлигишүү 19 (3)-беренеде келтирилген максаттардын бирин көздөшү керек; **бул тизме толук болуп эсептелет**, демек, башка бир **кийлигишүү** *19-беренени бузуу* болуп саналат. Ушул максаттардын бирине жетүү үчүн кийлигишүү "зарыл" болушу керек. Бул контекстте "зарыл" деген сөз өзгөчө мааниге ээ. Укукка кийлигишүү үчүн "*өтө зарыл коомдук муктаждык*" болушу керек; укукка кийлигишүү үчүн мамлекет келтирген жүйө "*ишке тиешелүү жана жетиштүү*" болууга тийиш; жана мамлекет кийлигишүү **көздөлүп жаткан максатка өлчөмдөш** болгонун көрсөтүшү керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары коомдун коопсуздугуна гана эмес, адеп-ахлагына да зыян келтириши ыктымал деп бааланышы мүмкүн болгон маалыматтарды жайылтууга бир катар чектөөлөрдү белгилейт. Тактап айтканда, "**Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө**" КР Мыйзамынын 23-беренесинде маалыматты таратууга бир катар тыюу салууларды табууга болот.

Бул беренеге өзгөртүү киргизилип жатат. Тыюу салынган маалыматтарды таратуу үчүн колдонуудагы тизме жаңы л) пункту менен толукталууда: *балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү, балдарга таратууга тыюу салынган маалыматты таратууга жол берилбейт*".

Бирок, Медиа Полиси Институту ЖМК жөнүндө мыйзамга мындай туюндурманы киргизүүгө каршы, себеби так чектер белгиленбегендиктен улам аны өтө бүдөмүк деп эсептейт, муну менен укук колдонуу практикасында кеңири чечмелөөгө шарт түзүлүп жатат.

Долбоордогу сөз эркиндигине коркунуч туудурган кезектеги берене өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Бул: "**2-1. Балдардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтардын түрлөрү**", аны демилгечи "**Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө**" КР мыйзамына киргизүүнү сунуштап жатат. Эки тизме киргизилип жатат. Бири – балдар үчүн тыюу салынган маалымат, экинчиси – маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда (анын ичинде Интернетте) жана көчмө радиотелефон байланыш тармагында *таратууга чектелген маалымат* статусу бар маалымат.

Бул ченемдин мазмуну менен макул болуу мүмкүн эмес, тыюу салынган же чектелген маалыматка киргизүү критерийлери ушунчалык кеңири берилгендиктен, алар мамлекеттик органдарга кыянаттык менен пайдаланууга толук негиз берет. Мисалы, мыйзам долбоорунда эки башка категориядагы маалыматтар көрсөтүлгөн:

1. **"уят сөздөрдү камтыган"** – долбоордун демилгечисинин версиясы боюнча, бул тыюу салынган маалымат;
2. **"уят сөздөргө кирбеген тилдеген сөздөрдү камтыган"** – бул маалыматты демилгечи чектелген маалыматтын тизмесине киргизген.

Эки сөз айкашында тең "**уят сөз**" деген кездешет. Ар кандай сөздүктөргө ылайык – бул адепсиз, ыплас сөз, адептүү коомдо колдонулбаган, уятсыз сөздөрдүн катарына кирет.

Жайылтууга "тыюу салынган" жана "чектелген" тизмелерге киргизилген маалыматтардын түрлөрү өтө кеңири чечмеленген аныктамаларга ээ болгонун белгилей кетүү керек. Ошондуктан мыйзам долбоорунун ченемдери жаш курактык классификацияны аныктоодо жарандар да, кызмат адамдары да мыйзамды туура эмес чечмелөөсүнө мүмкүн болгон жагдайды түзөт. Мыйзамда так эместиктерге жол берүү аны бузуу тобокелдигин жаратат. Ашкере бүдөмүк ченемдер өзүм билемдик менен чечмелеп, оңой эле кыянаттык менен пайдалануу үчүн колдонулат. Бул өзгөчө чоң көлөмдөгү айып пул менен айкалышканда актуалдуу болот. Д.Исаеванын мыйзам долбоору балдардын ден соолугуна, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү тыюу салынган маалыматтарды балдар арасында жайылтуу үчүн жоопкерчиликти белгилөөнү сунуштайт. Бул **Укук бузуулар жөнүндө кодексинин** 74-беренесине сунуш.

Мыйзам долбоорунун демилгечисинин назарын балдар арасында таратууга тыюу салынган маалыматтын тизмеси көрсөтүлгөн 2-1-берененин 2-бөлүгүнө буруу керек. Мыйзам долбоорунда маалымат кандай белгилер боюнча чектеле турганы жазылган эмес.

"Чектөө" белгилүү бир шарттарда маалыматка жетүү, колдонуу жана жайылтуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Мындай жагдайларга төмөнкүлөрдү киргизсе болот: **субъекттердин статусу** (мисалы, белгилүү бир жашка жетүү, буга чейин мыйзамда каралган жаш куракка жөндөмдүүлүк алуу, белгилүү бир позиция же функционалдык милдет менен байланыш ж.б.); **конкреттештирилген максат** (мисалы, окутуу, изилдөө ж. б.). Бирок бул долбоордун контекстинде маалыматты жайылтууга чектөөнү бекитүү иш

жүзүндө **тыюу салуу** болуп калышы мүмкүн, себеби чектөөгө мүнөздүү болгон жогоруда аталган жагдайларды конкреттештирүү жок.

**Демилгечи бул ченемден баш тартууга тийиш, себеби ал Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын ченемдерине каршы келет.**

**Укук бузуулар жөнүндө кодекстин** “*Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузуу*” аттуу **74-беренесине** киргизилип жаткан өзгөртүүлөргө токтололу.

Медиа Полиси Институту бул ченем толук иштелип чыккан эмес жана кайра кароону талап кылат деп эсептейт. Биринчиден, беренеде *келтирилген зыяндын алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө*, ал эми сунушталып жаткан толуктоо ден соолукка зыян жөнүндө сөз болууда. Экинчиден, негиздеме-маалымкатта жаңы бөлүктөрдү киргизүү зарылдыгына жүйөлөрдү таппайбыз, биринчи бөлүк боюнча жоопкерчиликке тартылган адамдардын саны жөнүндө изилдөө келтирилген эмес. Үчүнчүдөн, ушул эле Кодекстин **471-беренесине** ылайык, **74-берене** боюнча иштерди кароо *жалпыга маалымдоо чөйрөсүндөгү* ыйгарым укуктуу органга жүктөлгөн. Бирок, бул орган “баланын ден соолугуна келтирилген зыянды” кантип баалай турганы жана алган маалымат менен себептик байланышты кантип түзөрү көп жакшы түшүнүктүү эмес. Бери дегенде диагнозду медициналык мекеме коет, ал эми себептик байланышты укук коргоо органдары көрсөтүп беришет. Бул ченемдин кеңири чечмелениши сөз жана маалымат эркиндигине коркунуч келтирет, ошону менен бирге көздөгөн максатка – Интернетти балдар үчүн кыйла коопсуз жайга айлантуу максатына жетүүдө натыйжалуу болбойт.

## ***<u>ЖТТны иштеп чыгуу боюнча мыйзамдардын бузулушу</u>***

Негиздеме-маалымкатта демилгечи мыйзам долбоору мамлекеттик бюджеттен кошумча чыгымдарга алып келбейт жана бул долбоор үчүн да жөнгө салуучу таасирди талдоо (ЖТТ) талап кылынбайт деп ырастайт.

Бирок Медиа Полиси Институту мындай ырастоого кошулбайт, себеби **3-беренеге (“Балдардын ден соолугуна, алардын дене-бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча негизги чаралар”)** жана **3-1-беренеге (“Маалымат-телекоммуникациялык тармактар аркылуу маалымат таратууга жана балдарга чектөө коюлган маалымат продукциясын жүгүртүүгө кошумча талаптар”)** демилгечи ишкердикти жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизип жатат.

Мыйзам долбоорунун бир беренеси балдарды “*жаңылык эмес мүнөздөгү*” программаларды жана берүүлөрдү көрүүгө чектөө боюнча техникалык мүмкүнчүлүккө “ээ **болушу керек**” **маалыматтык продуктуну таратуучулардын** жана **жеткирүүчүлөрдүн** *баарына* карата талаптарды белгилейт. Ал эми башка берене болсо, маалымат-телекоммуникациялык тармактар (анын ичинде Интернет тармагы) аркылуу балдардын ден соолугуна же өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтан *балдарды коргоо үчүн* **жамааттык жетүү пункттарында телематикалык байланыш кызматын көрсөтүүчү байланыш операторлорун техникалык, программалык-аппараттык каражаттарды колдонууга** милдеттендирет.

Сөз болуп жаткан учурда мыйзам долбоору *жайылтуучуларга жана маалыматтык продукцияны жеткирүүчүлөргө* балдар үчүн ылайыксыз маалыматтарды таратууну чектөө боюнча “техникалык мүмкүнчүлүккө” ээ болууну, ал эми *байланыш операторлоруна балдарды зыяндуу маалыматтардан коргоо үчүн техникалык, программалык-аппараттык каражаттарды колдонууну таңуулайт*. Бирок, байланыш операторлорунда социалдык тармактардагы контентке көз салып турууга, ал тургай мындай контентке таасир этүүгө эч кандай мүмкүнчүлүктөрү жок

Атайын жабдууларды сатып алуунун “мүмкүнчүлүктөрдүн” жана каржылык чыгымдардын техникалык жагын операторлор менен эч ким талкуулаган эмес. Муну жөнгө салуучу таасирди талдоонун жоктугу жана ЖТТ жүргүзүлбөгөндүгү көрсөтүлгөн негиздеме-маалымкат тастыктап турат.

Ишкердик ишин мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн караган ченемдик укуктук акт киргизилген учурда, ишкердиктин тиешелүү чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсү жолу менен чечүү пландаштырылып жаткан көйгөйлөрдүн сүрөттөлүшү менен кошумча маалымкатты, жөнгө салуунун максаттарын аныктоону, көйгөйлөрдү чечүү үчүн механизмдердин жана чаралардын сүрөттөлүшүн жана ченемдик укуктук актынын колдонулушунун натыйжалуулугуна көз салууга багытталган башка чаралардын тизмегин тиркөө зарыл. Көйгөйлөрдү сүрөттөөдө аларды эмне үчүн рыноктук механизмдердин жардамы менен чечүү мүмкүн эместигин жана мамлекеттин кийлигишүүсү талап кылынарын көрсөтүү зарыл.

ЖТТны даярдоо регулятивдик таасирди талдоону жүргүзүү Методикасынын негизинде жүргүзүлөт. Талдоо процессинде алынган жыйынтыктар негиздеме-маалымкатка жайгаштырылат. Мыйзам долбоорунун демилгечиси ЖТТ талап кылынбайт деп билдиргендиктен, негиздеме-маалымкатта ЖТТ боюнча керектүү маалымат жок.

Долбоордун демилгечиси техникалык адистер менен кеңешкен эмес, керектүү жабдуулардын жана техникалык программалардын зарылдыгын тактаган эмес, келечектеги чыгымдарды эсептеген эмес. Мыйзам долбоорунда жөнгө салынуучу мамилелердин катышуучуларынын кимиси киргизилип жаткан жөнгө салуу чөйрөсүндө иш жүргүзгөн ишкерлердин чыгымдарын жаба тургандыгы аныкталган эмес.

**Ошентип, негиздеме-маалымкат жөнгө салуунун альтернативалык ыкмаларын камтыбайт, демек, жөнгө салуучу таасирге талдоо жүргүзүлгөн эмес жана документти иштеп чыгууда маалыматты жеткирүүчүлөрдүн пикирлери эске алынган эмес.**

Жогоруда айтылгандардын негизинде жана “**Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө**”[12] КР Мыйзамынын ченемдерин эске алуу менен сүрөөгө алынып жаткан долбоорго регулятивдик таасир этүүгө талдоо жүргүзүүнү демилгечи четке каккан. Аталган Мыйзамдын 19-беренесине ылайык ишкердикти жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлору Өкмөт бекиткен методикага ылайык жөнгө салуучу таасирин талдоого жатат. Мыйзам долбоорунун демилгечиси Д.Исаева жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарын аткарган жок.

[12] Сайтка шилтеме: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591

Мындан улам мыйзам долбоорунун демилгечиси берген негиздеме жөнгө салуучу таасирди талдоону эске албастан даярдалган. Ошондуктан демилгечи жөнгө салуучу таасирди талдоонун негизинде даярдаган негиздемени бербеген учурда ченемдик укуктук актынын Долбоору четке кагылууга тийиш (19-берене).

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, Медиа Полиси Институту "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине жана "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө", "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР мыйзам долбоорун коомдук мамилелердин бардык катышуучулары менен бирдикте кайра иштеп чыгуу үчүн чакыртып алууну сунуш кылат.

**Урматым менен,**
**"Медиа Полиси Институту"**
**Коомдук фондунун директору Б.Д.Усенова**